КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясы**

**30-октябрь 2023-жыл** Уч-Коргон айылы

Уч-Коргон айыл аймагынан өтүүчү суу объектлерин суу-коргоочу тилкелеринин өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө.

## ТОКТОМ №18/4

Уч-Коргон айыл аймагынан өтүүчү суу объектлери калктуу конуштардын ичинен өткөндүгүнө жана СССР мезгилиген тартып, кээ бир курулуш объектлери салынып калгандыгын эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жыл 7 июлунундагы №271 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы сууну коргоочу зоналарын жана суу объектлери туралуу жобонун V бөлүмүнүн 23-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жыл 25-сентябрь №606. Кыргыз республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жыл 17-декабрь №307. 2022-жылдын 29-июлундагы №403 токтомдорунун редакцияларына ылайык, Уч-Коргон айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл аймагындагы суу объектлеринин суу коргоочу тилкелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жыл 7 июлунундагы №271 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы сууну коргоочу зоналарын жана суу объектлери туралуу жобонун V бөлүмүнүн 23-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жыл 25-сентябрь №606. Кыргыз республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жыл 17-декабрь №307. 2022-жылдын 29-июлундагы №403 токтомдорунун редакцияларына ылайык "Исфайрам " дарыясынын он жээгинен – 20м, Анхор каналынан – 4м, Эшан каналынан -4м, Тешик каналынан 4м жана Руздархан каналынан 4м суу коргоочу тилкелер калдыруу белгиленсин.
2. Уч-Коргон айыл аймагындагы суу объектлеринин суу коргоочу тилкелеринде мурда мамлекеттик органдар тарабынан берилген токтомдор негизинде салынып алынган объектлеринин ээлерине гидромелиоративдик реконструкциялоо жана санитардык тазалоо иштерин жургузуу, каналдардын жээктерин бекемдоо милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын Кадамжай районунун суу чарба башкармасынын Исфайрам он жак участкасына жүктөлсүн.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жоопту катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.
5. Ушул Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин агрардык жана айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Баймурзаевго тапшырылсын.

**Төрага:** **Б.Юрсунов**